Токтом №2

5.11.2020-жыл Катышканы-30

Күн тартибинде:

1. I чейректин жыйынтыгы
2. Аралыктан окутуунун жыйынтыгы

Биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Женмуратова Гулмира төмөнкүлөргө токтолуп кетти.

Угулду:

Быйылкы окуу жылын баштап алдык. Чейрек ичинде 23 окуучу келди, 22окуучу кетип, I чейректи 560 окуучу менен аяктадык. Башталгыч класстардан 12 класс, ал эми жогорку класстар 8 класс, баары 20 класс.

Мен чейрек ичинде окуучулардын катышуусу, жетишүүсү боюнча маалымат берип кетейин.

1-А класс-19 окуучу, 3 окуучу келди,1 окуучу кетти, I чейрек аягында 21 окуучу, 2 кыз, 19 бала.

1-Б класс-жыл башында 33 окуучу, 1окуучу которулду, 1 окуучу келди, чейрек аягында 34 окуучу: 22 кыз, 12 бала.

1-В класс-чейрек башында 35 окуучу, 1 окуучу кетти, чейрек аягында 34 окуучу, 17 кыз, 17 бала.

1-Г класс-33 окуучу, 2 окуучу келди, чейрек аягында 35 окуучу: 18 кыз, 17 бала.

1-класс- 120 окуучу: 56 кыз, 64 бала, чейрек ичинде 6 окуучу келди, 1 окуучу которулду, 2 окуучу кетти, чейрек аягында 124 окуучу: 59 кыз, 65 бала.

Ал эми 2-класстар боюнча чейрек башында 135 окуучу болгон, 8 окуучу келди, 10 окуучу кетти, чейрек аягында 151 окуучу менен 1-чейректи аяктадык.

3-А класс-22 окуучу, 1 окуучу келди, 1 окуучу кетти, чейрек аягында 22 окуучу : 10 бала, 12 кыз.

3-Б класс-33 окуучу, 1 окуучу келди, чейрек аягында 34 окуучу, 21кыз, 13 бала.

4-А класс-39 окуучу , 3 окуучу келди, 3 окуучу кетти, чейрек аягында 39 окуучу.

1-4-класс-347 окуучу , 19 окуучу келди, 1 окуучу которулду, 16 окуучу кетти, чейрек аягында 350 окуучу: 174 кыз, 176 бала.

5-А класс- 22 окуучу 2 окуучу келди, эч ким кеткен жок, чейрек аягында 24 окуучу: 14 кыз, 10 бала.

5-б класс- 27 окуучу, 3 окуучу келди, 6 окуучу кетти, чейрек аягында 24 окуучу: 11 кыз, 13 бала.

5-В класс-31 окуучу, келди-кетти болгон жок, чейрек аягында 31 окуучу: 18 кыз, 13 бала.

6-А класс-18 окуучу, 2 окуучу келди, чейрек аягында 20 окуучу: 8 кыз, 12 бала.

6-Б класс-41 окуучу, 1 окуучу кетти, чейрек аягында 40 окуучу: 16 кыз, 24 бала.

7-класс-22 окуучу, 2 окуучу келди, чейрек аягында 24 окуучу: 13кыз, 11 бала.

8-класс-28 окуучу, 1 окуучу кетти, чейрек аягында 27 окуучу: 16 кыз, 11 бала.

9-класс-24окуучу, 1 окуучу келди, чейрек аягында 25 окуучу, 16 кыз, 9 бала.

5-9-класс-213 окуучу, 10 окуучу келди, 8 окуучу кетти, чейрек аягында 215 окуучу: 112 кыз, 103 бала, ал эми чейрек ичинде 560 окуучудан 29 окуучу келип, 24 окуучу кетип, 565 окуучу менен I чейректи аяктадык.

Эми окуучулардын билим сапаты боюнча токтолуп кетсем,1-класс-120 окуучу бааланбайт.

| Классы | Окуучулардын саны | "Эң жакшы" | "Жакшы" | "Орто" | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|
| 3-Б класс | 33 окуучу | 3 окуучу-14% | 5 окуучу-23% | 14 окуучу-63% | 37% |
| 3-А класс | 22 окуучу | 5 окуучу-15% | 10 окуучу-39% | 18 окуучу-55% | 45% |
| 4-класс | 39 окуучу | 5 окуучу-13% | 10 окуучу-25% | 24 окуучу -62% | 38% |
| 3-4-класс | 94 окуучу | 13 окуучу-14% | 25 окуучу-26% | 56 окуучу-60% | 40% |
| 5-А класс | 22 окуучу | 1 окуучу-5% | 9 окуучу-40% | 12 окуучу-55% | 45% |
| 5-Б класс | 27 окуучу | 4 окуучу-15% | 7 окуучу-26% | 16 окуучу-59% | 41% |
| 5-В класс | 31 окуучу | 7 окуучу-22% | 9 окуучу-29% | 15 окуучу-49% | 51% |
| 6-А класс | 18 окуучу | 2окуучу-11% | 3 окуучу-17% | 13 окуучу-72% | 38% |
| 6-Б класс | 41 окуучу | 4 окуучу-9% | 11 окуучу-27% | 26 окуучу-64% | 36% |
| 7-класс | 22 окуучу | 3 окуучу-14% | 3 окуучу-14% | 16 окуучу-72% | 36% |
| 8-класс | 28 окуучу | 2 окуучу-7% | 12 окуучу-43% | 14 окуучу-50% | 50% |
| 9-класс | 24 окуучу | 1 окуучу-4% | 9 окуучу-38% | 14 окуучу-58% | 42% |
| 5-9-класс | 213 окуучу | 24 окуучу-11% | 63 окуучу-30% | 126 окуучу-59% | 41% |
| 3-9-класс | 307+ окуучу | 37 окуучу-12% | 88 окуучу-29% | 182окуучу-59% | 41% |

Мына ошентип 41% менен I чейректи аяктадык.
Жогорудагыларды угуп,талкуулап пед.кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1.I чейректин жыйынтыг канааттандыраарлык деп табылсын.

Экинчи маселе боюнча мектептин директору Эрматов А.К. сөз сүйлөдү.
Угулду:

Урматтуу мугалимдер, мына баарыңыздарга белгилүү 16-марттан баштап онлайн режиминде иштеп жатабыз. Окуучулады аралыктан окутуу баарыбызга эле кыйынчылык туудурбай койгон жок. Окуучуларыбыз да, биз да кыйналдык. Мына окуу бөлүмүнүн отчётун угуп, анда кээ бир класстардын билим сапаты жогору, кээ бир класстардын билим сапаты төмөндөп кеткенин уктуңуздар. Эми аралыктан окутуу боюнча өзүңүздөрдүн оюңуздарды айта кетсениздер. Жарыш сөзгө 3-Б классынын мугалими Эгемкулова Алтынай сөз сүйлөдү.
Угулду:

Менин классымда 33 окуучу бар. Онлайн режиминде начар окуган окуучулар да сабакка жакшы катышышты менимче ата-энелер көбүнчө балдарына жардам берип тынбай сабактарын жөнөтүп турушту, кээ бир жакшы окуган окуучуларыбыз сабактарга начар катышты.Ата-энелер балдарына жардам бергендиктен менин классымдын билим сапаты жогору болуп калса керек деп ойлойм.
О.э. жарыш сөзгө 4-класстын мугалими Идирисова Миргүл сөз сүйлөдү.
Угулду:

Менин окуучуларымдын билим сапаты төмөндөп кетти, көп жакшы окуучуларым анчалык онлайн сабактарга жакшы катыша албады, анткени мектепте мугалим теманы

терең түшүндүрүп берет ,түшүнбөй калса дагы бир жолу түшүндүрөт, ал эми аралыктан окуутуда андай ойдогудай болбойт экен. Теманы окуучулар өздөрүнүн убактысына карап жөнөтүп жатты. Негизинен ата-энелер жардам берип жатышты.

О.э. жарыш сөзгө 7-класстын класс жетекчиси Токурова Наринса сөз сүйлөдү.
Угулду:

Менин классымда 22 окуучу бар. Жогорудагы эжекелердин сөзүнө кошулам. Башталгыч класстарга ата-энелер балдар тапшырмасын аткарганда жардам берип жатышты. М: мен да уулума сабактарын даярдаганда жардам берип жаттым. Ал эми жогорку класстарда андай болбойт экен, анткени класс жогорулаган сайын сабактар да татаалданып, кыйындай баштайт. Аралыктан окутууда окуучулар да , мугалимдер да кыйналдык. Сабак өткөн башкача. Окуучуларга сабактарды түшүндүрүп жөнөтүп жаттык, бирок баары толук жөнөтпөйт.Китептери жокторго тартып да жөнөттүк. Жогорку класстын окуучуларына кыйын болду, анткени ар бир предметтен түрдүү мугалимдер сабак өтүшөт, мектептен окуганга жетпейт. Мына ошондуктан I чейректе классымдын жалпы билим сапаты 28%ды түздү.

Жарыш сөзгө англис тили мугалими Каратаева Айпери төмөнкүлөргө токтолуп кетти.
Угулду:

Мага да аралыктан окутуу жаккан жок. Анткени, жакшы окуган окуучуларыбыздын билим деңгээли төмөндөп кетти. М: Сабиров А. 6-Б класста окуйт. Өтө жакшы окуйт эле, чейректе “3” кошулуп кетти. Сабактарга аракеттенет , турмуш шарты оор, үйдө бир эле телефон бар экен. Бардык үйдөгү окуучуларга жетишпейт.Апасы базардан келгенден кийин сабак даярдашат. Жетишкенде тапшырмаларын жөнөтөт, а телефон бошобой калса сабактарын жөнөтпөйт болчу. Аягында чейректе бирден “3” чыгып калды. Мектепке келип окуганга, бетме-бет отуруп сабак өткөнгө жетпейт.

Жарыш сөзгө адеп мугалими Карабаева Раанагүл сөз сүйлөдү.
Угулду:

Аралыктан окутууда мугалимдер Республика боюнча мугалимдер менен байланышып, видео роликтерди сабак катары даярдоо жана интернет маалыматтарын ар тараптуу сабакка пайдалануу жактарын изилдеп алууну үйрөндүк. Окуучуга кеңеш берип, контролдой албай калганыбыз кыйынчылык туудурду.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап пед.кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

2.Аралыктан окутуу мезгилинде кырдаалга карабастан окуу планы толук аткарылды. Аралыктан окутуунун жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын.

Мектептин директору: Эрматов А.К

Катчы: Сайпидинова У.М.